призывает к «глубокому переосмыслению имеющихся теорий обучения иностранным языкам того времени в свете современных достижений психологической и психолингвистической теории» [5].

В заключении можно сказать, что при обучении иностранным языкам следует учесть все факторы, которые способствуют успешному овладению иностранными языками, такие как лингвистические, дидактические и психологические. Комплексный подход со стороны преподавателей, развитие необходимых навыков обучаемых, индивидуальный подход к каждому, оказание моральной поддержки, а также научение студентов систематической работе при изучении иностранных языков принесут свои плоды.

**Список использованной литературы:**

1. Беляев Б. В. Очерки по психологии обучения иностранным языкам. М., Просвещение, 1965, с. 34-36.
2. Выготский Л. С. Педагогическая психология. М., Работник просвещения. 1926.
3. Выготский Л. С. Мышление и речь.– Собр. соч. М., Педагогика, 1982, т. 2, с. 6.
4. Гумбольдт В. О различии строения человеческих языков и его влиянии на духовное развитие человеческого рода. – В кн.: Звегинцев В. А. История языкознания XIX–XX вв. в очерках и извлечениях. М., Просвещение, 1964,ч I, с. 90.
5. Кэррол Дж. Вклад теоретической психологии и педагогических исследований в преподавание иностранные языков – В кн.: Методика преподавания иностранных языков за рубежом. М, Прогресс, 1976, вып. 11, с. 18.
6. Леонтьев А.А. Психолингвистика в овладении языком //Основы психо-лингвистики. – М.: Смысл, 1999. – С. 218-228.
7. Львов М.Р. Основы теории речи: Учебное пособие для студ.высш.пед.учебных заведений. -М.: Издательский центр «Академия»,2000.-248с.

**Рецензент: к.фил.н., доц. Мырзажанова Г.Б.**

УДК 378.147.227:811.512.154

**Исмаилов А. У.**
И.Раззаков атындагы КМТУнун доценти,
Кыргыз тили кафедрасынын башчысы

## КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУДА ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Бул макалада мамлекеттик тилди экинчи тил катары натыйжалуу окуутунун шарттары каралган. Демек, окутуу максаттары студенттин окуп-үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө карай аныкталуусу зарыл. Ал максаттар студенттерге маалымдалышы жана түшүндүрүлүшү керек. Студенттерге ачык-айкын жана түшүнүктүү болуулары зарыл. Студенттер максатты түшүнгөнүн өз сөздөрү менен билдириши керек. Негиздүү болуусу, билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келүүсү тийиш. Ушундан улам жаңы технологияларды колдонуунун усулдук негиздери жана сабактын болжолдуу үлгүсү сунушталган.*

**Ачкыч сөздөр:** *Мамлекеттик тил, жаңы технология, методикалык негиз, билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо, баалоо, практика, окутуу процесси.*

**Исмаилов А. У.**
Доцент, зав. кафедры «Кыргызского языка» КГТУ им. И. Раззакова

## МЕТОДИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ПРИМЕНЕНИЯ НОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

## В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА КАК ВТОРОГО ЯЗЫКА

*В данной статье рассмотрены условии эффективного обучения государственного языка как второй язык. Цели обучения должны определяться соответственно возможностям обучения студента. Студенты должны быть информированы о целях и цели должны быть объяснены им. Необходимо, чтобы они были ясны и понятны для студентов. Они должны быть обоснованными, должны быть согласны требованию стандарта образование. Исходя из этого предлагается методические основания использовании новых технологий и примерный образец урока*

**Ключевые слова:** *государственный язык, новая технология, методическое основание, образование, понимание, использование, анализ, оценивание, практика, процесс обучения*

**A.U. Ismailov**

Associate Professor, Head. Department of the "Kyrgyz language" KSTU. I. Razzakova

## THE METHODOLOGICAL PRINCIPLES OF USING NEW TECHNOLOGIES IN TEACHING NATIONAL LANGUAGE AS A SECOND LANGUAGE

*This article deals with conditions of teaching national language as a second language. The goals of the lessons should take into consideration students' ability to cope with a material. The goals of the lesson should be clearly explained to students. Students are to speak out their comprehension of lesson goals. The goals of the lesson should be set according to educational standards. After these criteria met, new technologies in teaching Kyrgyz as a second language and lesson plans are to be proposed.*

**Key words:** *National language, new technologies, methodological principles, education, comprehension, use, analysis, evaluation, practice, education process*

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн ЖОЖдордо мамлекеттик тилди үйрөтүү деңгээлин жогорулатууда негизги басым кыргыз тилин окутуунун жаңы технологияларын билип, түшүнүп, колдонуп, талдап, баалап практикада пайдалана алууга бурулуп, илимий-педагогикалык негизде аныктап, максаттарын көрсөткүчтөр аркылуу натыйжалуу талдоого жана жалпылаштырууга аракет жасоо зарыл. Окутуу процессинде кандай гана предмет болбосун, ал өзүнүн нукура касиеттүү өзгөчөлүгү аркылуу окутуучу үчүн зарыл болгон маселелердин чечилиши, өз алдынча изилдегендиги менен айырмаланат. Мамлекеттик тилди окутуу методикасы да башка предметтер сыяктуу бир топ маселелердин айланасында алдыга көптөгөн максаттарды жана милдеттерди коюп, аларды иш жүзүнө ашырууда. Айрыкча ЖОЖдордо окутуучу менен студенттин, студент менен окутуучунун, студент менен студенттин ортосундагы "ар бир ой баалуу" алтын эрежеси аркылуу эркин ой жүгүртүүнү жүзөгө ашыруу менен билим алуунун, тил таануунун, таалим-тарбия берүүнүн мазмунун тереңдетүүдө бир катар көйгөйлөр чечилсе да, бүгүнкү күндө бир топ кыйынчылыктарга кабылуушуда. Ушундан улам, ЖОЖдордо ар тараптуу компетенттүү, жигердүү студенттерди тарбиялоо, «мен» деген сезимин ойготуу, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өрчүтүү, айланага сын көз менен кароого, чындыкты издөөгө жол көрсөтүү, эстетикалык кумарлануусун стимулдоо, адеп-ахлактык аң-сезимин активдештирүү, руханий-эмоционалдык байланышын жогорулатуу, көркөм табитин өстүрүү сыяктуу маселелер курч коюулууда. Ошондуктан, кандай жол менен болсо да, бул максаттарды жана милдеттерди практикада тастыктоо зарылдыгын пайда кылууда.

**Көйгөйлөрдү чечүүнүн ыкмалары.** Студент өзүнүн эстутуму аркылуу тил таанымы калыптанып, ой жүгүртүүсү өнүгүп, ар кандай нерсени билет, түшүнөт, үйрөнөт жана адамдар ортосундагы баарлашууларды талдайт. Ушундан улам, мейли орто мектептерде, мейли ЖОЖдо болобу, студенттердин эстутум процесстерин калыптандыруу менен гана чектелбестен, аларды ойлонтууга, өз алдынча иш аракет жасоого, алган билимдеринин негизинде кандайдыр бир жаңы нерселерди изденип, жаңы ойду таап, жаңы натыйжаларды

алууда «өзүнүн бүткүл ишкердиги менен түбөлүккө шайкеш эмгектенүүсүнө» түрткү берүү - бүгүнкү турмуш чындыгы. Анткени, совет доору-жалпы теориялык, философиялык ой жүгүртүү аркылуу дүйнөнү ар түрдүүчө аңдоонун жана көз караштардын ар түрдүү болушун шарттоонун ордуна, бирдей көз караашта болууну талап кылып, окутуучунун позициясы аркылуу рамкадан чыкпоо өкүмү сүргөн. Ошондуктан, бүгүнкү улуттун ден соолугун мамлекеттик идеологиянын денгээлине көтөрүү зарылчылыгынын алдында турабыз. Студенттердин эстутумун калыптандырууда алгач ирет сүйлөө кебин өстүрүү керек. Кепти өстүрүү, алгач, үй-бүлөдөн, бала бакчадан, мектептен, ЖОЖдон уланып, алардын практикалык байланышы аркылуу эволюциялык процессте жүрөт. Себеби өз-ара пикир алышуу аркылуу студент адегенде 1-2 адам менен өз оюн кыска, так билдирип диалогго чыгып, айтайын деген оюн кыскача билдирип, пикир алмашканга үйрөнөт, кийин аудиторияда өз ой-пикирин ачык-айрым, кенен, аргументтерге таянуу аркылуу бергенге калыптанат. Диалектиканын мыйзамдарында көсөтүлгөндөй, студент алгач, аудиторияда диспут жүргүзүү аркылуу өз пикириндеги ички карама-каршылыктарды ачып берип, акыйкатка жетүү үчүн аракет жасоодо анын ишмердүүлүгү акырындап, чыгармачылык активдүүлүгү калыптанат. Себеби, кандайдыр бир нерсе жөнүндөгү ой-пикир бүтпөстөн башкасына өтпөө, бир убакыттын өзүндө эки карама-каршы ой-пикирдин болушу таанууну тануу закону. Бир убакыттын өзүндө эки карама-каршы ой-пикирдин - бири ар дайым чын, экинчисинин калпыс болушун жогорку деңгээлде өздөштүрүшкөндө гана туура ой жүгүртүп, студенттин жеке компетенттүүлү- гүн калыптандырышы ыктымал. Ушундан улам заманбап окутуудагы компетенттүүлүктү калыптандыруунун өнүгүшүн психолог Г.Д.Чистякова: “Көйгөйдүн ишке ашырылышынан, пикир, көз караштын формалдуулукка жол берилбесинен; суроого жооп издөөдөн жана ага жооп берүүдөн; табылган жоопту субьект жаңылыктын ачылышы катары билүүсүнөн; айтылган жооптун тууралыгын далилдөөдөн, аны башка кишиге негиздеп берүүсүнөн көрөт”,- деген пикирлери ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө берген аныктамалар болуп саналат. Анткени, жогоруда белгиленген философиялык категориялар башка предметтерден студенттердин түшүнүктөрүнүн жалпылагыч касиетке ээ экендигин далилдейт. Мисалы, салттуу окутууда компетенттүүлүк тургай студенттин өз алдынча ойлонуусуна да мүмкүнчүлүк берилген эмес (себеби окутуучу сабак өтө турган болсо, өзү гана түшүндүрүп, сүйлөп, жаздырып анан түшүндүңөрбү?-деп сурап чыгып кетчү), ал эми окутуунун жаңы технологиялары колдонулуп өтүлгөн сабакта, сабактын максаты студенттин позициясынан коюлуп анын алгачкы минутасынан акыркы минутасына чейин студент чыгармачылык менен ойлонууга шарт түзүлөт. Эгерде окутуунун максатын студенттин позициясынан коюп сабакты өтө турган болсок, чакыруу жасалып, жаңы тема маалымдалгандан кийин аны ар кандай ыкмада өткөрүү окутуучунун жеке чыгармачылыгына жараша боло тургандыгын төмөндөгү №1 сабактын - модели аркылуу далилдегенге аракет жасайлы. Натыйжалуу окутуунун шарттары: Окутуу максаттары студенттин окуп-үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө карай аныкталууга тийиш. Бул максаттар: студенттерге маалымдалышы жана түшүндүрүлүшү керек; студенттерге ачык-айкын жана түшүнүктүү болуулары зарыл; студенттер максатты түшүнгөнүн өз сөздөрү менен билдириши керек; негиздүү болуусу, билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келүүсү тийиш; ишке аша тургандай болууга тийиш; өлчөөгө ылайыктуу болушу керек. Сабактын темасы: Сөз түркүмдөрүн кайталоо. Сабактын максаты: Көрсөткүчтөр (индикатор) а) Билим берүүчүлүк: Студенттер сөз түркүмдөрүнүн түзүлүшүн, маанисин айырмалашат. Эгерде сөз түркүмдөрүнүн түзүлүшүн, маанисин бири – биринен айырмалап, ажырата алышса. б) Өнүктүрүүчүлүк: Студентер сөз түркүмдөрүн пайдаланып («Синквейн» ыкмасы аркылуу) сүйлөм түзө алышат. Эгерде «Синквейн» ыкмасын практикада колдонуп, сүйлөмдөгү сөз түркүмдөрүнүн аткарган кызматын билип, маанилүү сүйлөм түзө алса. в) Тарбиялык: Студенттер «кооз», «сулуу», «таза», «сыйлоо», «чынчылдык» ж.б. сөздөрдү оозеки кебинде, сүйлөм түзүүдө колдонууну үйрөнө баштайт. Эгерде оозеки кебинде жана өз алдынча сүйлөм түзүүдө «чынчылдык», «кооз», «сулуу», «таза», «сыйлоо» деген сөздөрдү

колдоно баштаса. Өтүү мөөнөтү: Сентябрь. Колдонулган ыкма: «Синквейн» Сабактын тиби: Кайталоо сабагы Каражаттар (ресурстар): 6 топко 1ден тапшырма ( синквейн түзүү үчүн тема) жазылган карточка (№1тиркеме); 1ден синквейн түзүүнүн схемасы (№2 тиркеме); 1ден болжолдуу мисалы (№3 тиркеме); 1ден флипчарт; жалпы класс үчүн 1 актай флипчарт досканын ортосуна илинет (бардыгы 7 флипчарт); 1ден 3 түстүү 1 комплект маркер (1 топко 1ден (6)); скотч. Иш кадамдары (процедура): (Студенттердин аткаруучу иш-аракеттеринин кадамдарынын ирээти) Сабактын жүрүшү: Уюштуруу Саламдашуу. Алтын эрежени эске салуу. Гумандуулук, эгемендүүлүк, кызматташтык, тынчтык, экология, укук деп айтуу менен студенттер 6 топту түзүшөт. Каражаттарды (ресурстарды) алышат. Досканын орто жеринде жалпы группа түзө турган синквейн үчүн актай флипчарт илинет. Ар бир студент өз алдынча карточкадагы тема боюнча (1ди өткөн чакка, 1ди учур чакка, 1ди келер чакка) 1ден 3 синквейн түзүшөт. Ар бир топтун мүчөлөрү өз ара бири-биринин түзгөн синквейндери менен таанышышат, 3 чакка 1ден (өткөн чакка 1, учур чакка 1, келер чакка 1) синквейнди биргелешип түзүп, үчөөнү 3 башка түстөгү маркер менен 1 флипчартка жазып, досканын орто жеринде жалпы группа түзө турган синквейн үчүн илинген актай флип-чарттын айланасына илишет. Ар бир топ түзгөн синквейндерин жалпы группага (чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнө, таланттарына жараша кээде обонго салып ырдап же үн кубултуп көркөм окуп да беришет) бет ачаар (презентация) жасашат. Группа түзүлгөн синквейндерди жалпылап, 1 тема коюп, ага биргелешип 1 синквейнди түзүп, ортодогу актай флипчартка жазышат. Сөз түркүмдөрүнүн маанисине карата туура ылайыкталышын, түзүлүшүн, маанисин талкулашат. Түзүлгөн синквейндерди дептерлерине көчүрүп алышса да болот. Мүмкүнчүлүк (потенциал): (Бул колдонулган ыкма, иш-аракет аркылуу студенттер кандай билимдерге, көндүмдөргө ээ болгону, эмнеге жетише алгандыгы, мүмкүнчүлүгү белгиленет) Синквейнди колдонууда студенттер төмөндөгүдөй натыйжаларга жетишет: Сөз түркүмдөрүнүн өз ара айырмасын ажыратып билип, практикасында колдонуу менен этиштин чактарын кайталап, өткөн мезгил, азыркы учур жана келечек боюнча ой жүгүртүшүп, алдын ала божомолдой билүү көндүмдөрүн мамилелешип иштөө аркылуу өздөштүрүшөт. Укук, мыйзам, гумандуулук, экология, кызматташтык деген сөздөрдү пайдаланып, алардын маанисин өз ара жардамдашуу, биргелешип иштөө менен бекемдешет. Талкуулоо үчүн суроолор (дебрифинг): (Бул иш-аракетте окуучулардын алган билимин, көндүмүн, маанайын, көңүлүн, сезимдерин билүү жана теманы талкуулоо үчүн жогорку деңгээлдеги концептуалдык «ачык» суроолорду берүү аркылуу максатка жетүү үчүн берилүүчү суроолор) Жаратылышка гумандуу мамиле дегенди кандай түшүнөсүңөр? (болжолдуу жооптор: достукта, кызматташтыкта болуп, айлананы таза сактоо, жаныбарларды коргоо…) Тынчтык, укук, мыйзам, калыстык, эгемендүүлүк, кызматташтык деген сөздөрдүн мааниси жөнүндөгү силердин оюңар кандай? Кыргызстандын жана дүйнө элдеринин сезиминде силер түзгөн синквейндеги түшүнүктөр сакталбаса эмне болот деп ойлойсуңар? Студенттин укугу бар. Ал эми жоопкерчилиги, милдети жөнүндө эмне айта аласыңар? Жаратылышты жана адам укугун коргоо боюнча Кыргызстанда кандай уюмдарды жана иш-аракеттерди билесиңер? Бул иш-аракеттен силерди таң калтырган, кызыктырган кандай жаңы маалыматтар кездешти? Улантуу: Студенттер жаратылышты коргоо жана адам укугу боюнча Кыргызстандагы иш-чаралар жөнүндө ата-энелеринен сурашса да болот. Газета-журналдардан, сыналгыдан адам укугу боюнча маалыматтарды пайдаланып, кыска эссе жазып, (мисалы: телеберүүдөгү «Добуш», «Багыт» ж.б.прграммалар боюнча…) андагы сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратып, жалпы группага айтып бергиле деп сунуш кылса да болот. Сунуш: Синквейндин ордуна группалаштар, окутуучу же окуу жайы ж.б. тууралуу аңгеме түзүп, андагы сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратуу тапшырмасын берсе болот. Мында убакыт үнөмдөлөт, каражаттар аз чыгымдалат. Каражаттар жок болсо 3-кадамда дептерлерине синквейн түзүп, 5-кадамда оозеки жалпы класска бет ачаар (презентация) тартууласа болот. 1-тиркеме: «Синквейн – беш сап ыр» түзүүнүн схемасы: 1. Зат атооч сөз (1сөз) (суроолору: Ким? Эмне?) 2. Сын атооч сөз (2 сөз) (Кандай?) 3. Этиш (3 сөз) (Эмне

кылат?) 4. Биринчи сапка тиешелүү фраза же сүйлөм (4 же 5 сөз) 5. Биринчи саптын синоними 2-тиркеме: «Синквейн» түзүүнүн болжолдуу мисалы: Табият Кооз, пайдалуу Корголот, өзгөрөт, бузулат. Айлананын тазалыгын сактай билели! Жаратылыш Ошентип, салттуу сабактан жогорудагы сабактын артыкчылыгы: - студенттер бири-биринин пикирине көңүл коюп укту жана баалады; - алдын ала теманы элестетип, көрө билишти; - билген, көргөн, кабыл алган нерсесинин натыйжасында ар бир студент өз алдынча идея топтогонго жетишишти; - алган билимин реалдуу турмуш менен айкалыштыра билүүгө жетишишти. Демек, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн ЖОЖдордун студенттерин жаңы технологиялар аркылуу ой жүгүртүүсүн, оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүүгө туура келгендиктен, студенттерди төмөнкү жагдайларга көнүл бурдуруу зарыл: биринин пикирин экинчиси көңүл коюп угуусу жана баалоосуна; жаңы теманы алдын ала элестетип көрө билүүсүнө билген, көргөн, кабыл алган билимдерин эстутумунда ар дайым сактай билүүсүнө; билген билимин реалдуу турмуш менен айкалыштыра билүүсүнө; чыгармачыл ойлоого жөндөмдүү болуусуна; билимдерди талдап, баалай алуусуна. Жогоруда окутуунун жаңы технологиялары колдонулуп, максаттар студенттин позициясынан коюлуп өтүлгөн сабак, билим берүүнүн дүйнөлүк талабына ылайык, пикирлеш, толук кандуу жашоо образына ээ, өз алдынча ой жүгүртүүсү бар, жигердүү, компетенттүү жаңы кылымдын студентин тарбиялап чыгуубузга көмөкчү боло тургандыгын байкадык. Бул позициядан алганда өз алдынча ой жүгүртүү дегенде, өз көз карашын ар тараптуу билдирүү же адамдардын пикирин угуп-укпай аткаруу эмес. Тескерисинче, студент көргөн, уккан, билген жасаган нерселерине, ар кандай көрүнүштөргө аң-сезимдүү мамилесин билдирип, өз алдынча анализдеп, синтездеп, жалпылап, салыштыруусун эркин түшүндүрүп, пикирлешине оюн так, кыска, даана жеткирүү жөндөмдүүлүгүн айтабыз. Психология илиминде белгиленгендей, студенттер бул мезгилдерде өзүлөрүн кандайдыр бир жагымдуу алып жүрүүгө аракеттенип, ар кандай нерселерге кызыгуусу күчөгөндүгү менен мүнөздөлөт. Бул өзгөчөлүк өзүн-өзү аңдоодон, адеп-ахлагын, ички руханий дүйнөсүн кененирээк таанып билүүгө, андан жыйынтык чыгарууга алып келет. Себеби А1.1-баштапкы деңгээлиндеги кечээги мектеп партасындагы окуучу бүгүн А2-деңгээлиндеги студент катары группалаштарынын алдында өз алдынча пикир айтканга кызыкдар болуп, ага умтулууга жөндөмдүү келишет. Ошондуктан, Европа тарбиясында философия жана психология илими таалимдин философиялык негизи болгон сыяктуу Кыргызстандын билим берүү системасында да, студенттерге грамматиканы жаттатып теориялык гана билим бербестен, алардын ар кандай психологиялык абалдарына маани берилип, андан жыйынтык чыгарып, бул психологиялык жагдайдын артыкчылыгын аларга да үйрөтүү менен ар дайым идеялык багыт берип турушубуз негизги милдеттерибиздин бири. Окумуштуу П.Я.Гальперин орто мектептин босогосунан ЖОЖго келген студенттердин бардыгы алгач чыгармачыл, активдүү ишмердикте ой жүгүртө албастыгы алардын психологиясындагы бирден-бир олуттуу кемчилик экендигин белгилеп, аларды жоюунун жалгыз жолу өздөштүрүлүп жаткан нерсенин же көрүнүштөрдүн обьективдүүлүгүнө, акыйкаттыгына, тууралыгына, ишенүүлөрү үчүн аларды далилдөөгө, өзгөчө семинар, практикалык сабактарда штамп сөздөрдөн, фразеологизмдерден пайдаланууга жол бербей, алган билимдерин практика жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүү керек (4) - деп белгилейт.

**Корутунду.** Ошентип, биринчи кезекте студенттердин узак мөөнөттүү эстутумун, ой жүгүртүүсүн калыптандыруу биринчи милдет болуп саналат. Себеби, логикалык ой жүгүртүүдө ар бир студенттин турмуштук көрүнүштөргө, алган билим деңгээлине ылайык мамилеси калыптанып, ар тараптуу анализ кылуу мүмкүнчүлүгү жаралат. Профессор С.К.Рысбаев: «Инсандын ой жүгүртүүсүн, эстетикалык табитин, ишке чыгармачылык менен мамиле кылуусун, жөндөмүн, билимин, өстүрүү» (5) керектиги, студенттердин турмушту андап билүүсү ой жүгүртүү аркылуу калыптанаарына токтолот. Анткени “менин” ойготуу, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өрчүтүү, айланага сын көз менен кароого үйрөтүү, чындыкты издөөгө жол көрсөтүү, эстетикалык кумарлануусун стимулдоо, моралдык аң-сезимин

активдештирүү, духовный-эмоционалдык байлыгын арттыруу, көркөм табитин өстүрүү» (6) турмуш чындыгын үйрөнүүдө – таалимдин турмуш менен карым- катнашын үйрөтүүдөн тураарын билген, окуучунун эстутуму кенен масштабда жана жыйынтыктуу болушу үчүн мугалим дидактика- нын ар дайым турмуш менен тыгыз байланышта болушуна жетишүүсү зарыл. Себеби «акыл маданияты менен адеп маданияты бирин-бири коштоп, жандап, толуктап турган ыйык адамдык сапаттардын негизгиси экендигинен» улам студент окутуучунун берген билим-тарбиясын узак мөөнөттүү эс тутумунда кабыл алып, аны түшүнүп, колдонуп, талдап, баалап өзүнүн бардык күчүн кызыгып билим алууга жумшайт. Демек, мындан окутуучу билим берип, студент алган билимин эс тутуму аркылуу жыйынтык чыгарат. Анын натыйжасы бири-бири менен тыгыз байланыштагы ой жүгүртүү аркылуу пайда болгон турмуштук далилдерге айланаары айкын.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Активные формы и методы обучения // Составитель: проф. Мамбетакунов Э. – б.: 2007. – 45 с.
2. Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. - Бишкек: 2004.
3. Байгазиев С.О., Рысбаев К С. «Педагогикалык тажрыйба» Изденүүлөр жана тажрыйбалар. - Ф.: Мектеп. 1989 30 - бет, 58 - бет.
4. Галперин П.Я. Психология мышления и учение о поэтапном формировании умственных действий //Исследования мышления в советском психологии - М.: 1996. 213 - б.
5. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. I том. - Ф.: «Илим». 1987. (Цитата)
6. Крофорд А., Солсо В., Мэтьюз С.Р., Макинстер Дж. Уроки критических мыслителей: стратегии активного обучения и критического мышления. Публикация проекта развитие критического мышления через чтение и письмо. - Режим доступа: www.rwct.net

**Рецензент: к.п.н. доц., Асанакунов Т.**

УДК 37.036.5 – 057.875:371.322.7

**Исмаилов А. У., Асанова Н. Т.**
И.Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тил кафедра башчысы, доцент,
И.Раззаков атындагы КМТУнун окутуучусу

## СТУДЕНТТЕРДИ ДИЛ БАЯН ЖАЗДЫРУУ АРКЫЛУУ АЛАРДА РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МААНИСИ

*Бул макалада студенттерди чыгармачылык жазуу иштерин (дилбаян) жаздырууга үйрөтүүнүн маселелери: көпчүлүк окутуучулардын жазуу ишинин бул түрүнө студенттерди даярдоодогу көңүл кош мамилеси, студенттерди жоопкерчилик- сиздикке жана кайдыгерликке алып келүүчү баалоодогу формалдуулук, тематикалык бир түрдүүлүк ж.б. каралган. Дилбаян жаздырууга үйрөтүү аркылуу руханий, адеп-ахлактык баалуулуктарды калыптандыруу боюнча окутуучуларга усулдук сунуштар берилген.*

**Ачкыч сөздөр:** *социалдык компетенттүүлүктөр, руханий баалуулуктар, адеп-ахлактык түшүнүктөр, сырткы мотивация, өзүн-өзү таанып билүү, сынчыл ойлом, ой жүгүртүү ишмердүүлүгү*

**Исмаилов А. У., Асанова Н. Т.**
Зав. кафедрой «Кыргызского языка» КГТУ им. И.Раззакова, доцент,
Преподаватель КГТУим. И.Раззакова

## ВАЖНОСТЬ ФОРМИРОВАНИЯ ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ У СТУДЕНТОВ ЧЕРЕЗ ОБУЧЕНИЕ НАПИСАНИЯ СОЧИНЕНИЙ